DOI:10.26104/NNTIK.2023.15.49.062

*Асипова Н.А.*

# ЖАШТАРГА ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ – ӨЛКӨНҮН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТЫ

*Асипова Н.А.*

# СОВРЕМЕННОЕ ОБРАЗОВАНИЕ ДЛЯ МОЛОДЕЖИ – ОСНОВНОЕ УСЛОВИЕ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ СТРАНЫ

*N. Asipova*

# MODERN EDUCATION FOR YOUNG PEOPLE – THE MAIN CONDITION FOR THE SUSTAINABLE DEVELOPMENT OF THE COUNTRY

*УДК: 37.0 (575.2) (04)*

*Макалада XX1 кылымдагы ааламдашуу каптаган постиндустриалдык коомдо трансформциялык көрүнүштөрдүн, финансылык-экономикалык кризистин, адамды курчап турган чөйрөнүн бузулушу, ачкачылык, материалдык теңсиздик, жакырчылык, куралдуу кагылышуулар, улуттар аралык мамилелердин курчушу, экологиялык кризис ж.б.у.с. көрүнүштөрдүн күч алуу шартында жаштарга заманбап билим берүү Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги шарты экендиги ачыкталат. Ошондой эле өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу негизги шарттардын катарында дүйнөлүк билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларын эске алуу, келечек ээлери болгон жаштарга билим берүүдө жана тарбиялоодо этнопедагогикалык баалуулуктарды жана маданияттар аралык байланыштардын өнүгүү тенденциялары менен эсептешүү, ошону менен катар өнүктүрүүчүлүк билим берүүнүн камсыз кылуучу инновациялык технологияларга жана билим берүүнүн ийкемдүү ыкмаларына артыкчылык берүү жөнүндө сөз болот.*

***Негизги сөздөр:*** *ааламдашуу, постиндустриалдык коом, туруктуу өнүгүү, билим берүү, жаштар, улуттук баалуулуктар, Кыргызстан жараны, өнүктүрүүчүлүк билим, инновациялык технологиялар, ийкемдүү ыкмалар.*

*В статье раскрывается значение современного образования молодежи как основного условия устойчивого развития Кыргызской Республики в XXI веке глобализации и постиндустриального общества, когда усиливаются трансформационные процессы, финанасово-экономический кризис, ухудщение окружающей среды человека, голод, материальное неравенство, нищета, вооруженные столкновения, осложнения межнациональных отношений, экологический кризис и др. Наряду с этим в качестве основных условий устойчивого развития страны предлагается учет мировых тенденций развития образования, этнопедагогических ценностей и межкультурных коммуникаций в образовании и воспитании будущего поколения, а также обеспечение путей развивающего образования, преимущества инновационных и гибких технологий в процессе образования.*

***Ключевые слова:*** *глобализация, постидустриальной общество, устойчивое развитие, образование, молодежь, национальные ценности, гражданин Кыргызстана, развивающее образование, инновационные технологии, гибкие методы.*

*The article reveals the importance of modern youth education as the main condition for the sustainable development of the Kyrgyz Republic in the 21st century of globalization and post-industrial society, when transformation processes are intensifying, the financial and economic crisis, the deterioration of the human environment, hunger, material inequality, poverty, armed clashes, complications of interethnic relations, environmental crisis, etc. Along with this, as the main conditions for the sustainable development of the country, it is proposed to take into account world trends in the development of education, ethnopedagogical values and intercultural communications in the education and upbringing of the future generation, as well as providing ways for developing education, the benefits of innovative and flexible technologies in the education process.*

***Key words:*** *globalization, post-industrial society, sustainable development, education, youth, national values, citizen of Kyrgyzstan, developing education, innovative technologies, flexible methods.*

Бүгүнкү адамзат коому бүтүн дүйнөнү каптаган глобалдашуу жана илимий техникалык прогресстин (НТП) эң жогорку деңгээлине жеткен постиндустриалдык доорду башынан кечирүүдө. Бирок, цивилизациялык өзгөрүүлөргө карабастан, акыркы мезгилдеги изилдөөлөр көрсөтөндөй XXI кылымдагы эң маанилүү маселелердин катарында коомдогу социалдык туруктуулукту (стабильность) камсыз кылуу проблемасы жашап жаткандыгы белгилүү [1, 6-30].

Коомдогу социалдык стабилдүүлүк өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө көз каранды. Туруктуу өнүгүү (устойчивое развитие) англис тилинде “sustainable development” – гармониялуу жана тең салмакттуу өнүгүү, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр, табигый ресурстар инвестициялар, илимий-техникалык прогресстин багыттары, инсандын өнүгүүсү жана институционалдык өзгөрүүлөр бири бирине шайкеш келип, адамдардын азыркы жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүн чыңдоо менен алардын муктаждыктарын жана мүдөөлөрүн канааттандыруу аркылуу ишке ашат [2].

Дүйнөлүк деңгээлдеги туруктуулук проблемалардын катарына финансылык-экономикалык кризис, адамды курчап турган чөйрөнүн кирдеши, ачкачылык, материалдык теңсиздик, жакырчылык, куралдуу согуштар, бузулган заттардын чогулушу, климаттын өзгөрүшү, экологиялык кризис ж.б.у.с. бардык дүйнөнү камтыган көрүнүштөр кирет.

Белгиленген глобалдуу проблемалардын жанында ар бир мамлекеттин өзүнүн геосаясий орду, экономикалык абалы, тарыхый социалдык-маданий өнүгүү өзгөчөлүктөрү менен шарттарлган ички көйгөйлөрдүн боло тургандыгы мыйзам ченемдүү көрүнүш десек болот.

Эгемендүүлүктү алганын 30 гана жыл болгон Кыргыз Республикасынын өзүнө тиешелүү өнүгүү көйгөйлөрү бар экендигин өлкөдө болуп өткөн үч революция көрсөттү. Мындан тышкары республиканын туруктуу өнүгүүсүнө кедерги болуп жаткан көрүнүштөргө мамлекеттин экономикасынын төмөндүгү, иш-сиздиктин туруктуу көрүнүшкө айланышы, коомдогу социалдык ажырымдардын күчөшү, калктын негизги катмарынын жакырдыгы, коррупциянын жайылышы, ички жана тышкы миграциянын туруктуу процесске айланышы ж.б.у.с. терс көрүнүштөрү кошууга болот.

Учурда Кыргызстандын ишке жарамдуу 800,000 жараны миграцияга дуушар болуп, ишке жарамдуу ата-энелер үй-бүлөлөрүн таштап, балдарын ар кимге калтырып, каражат табуу максатында ар кайсы өлкөлөрдө жүрүшөт [3]. Бул болсо жаш муундардын социалдык жактан жетилишине, инсан катары калыптанышына терс таасирин тийгизүүдө. Ата-энелер тарабынан балдарга зарыл болгон камкордуктун жетишсиздигинен көптөгөн балдар зордук-зомбулукка кабылып, айрымдары жан кечтиликке (суицид) чейин барууда.

Жогоруда белгиленгендер өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүндөгү билим берүүнүн миссиясын, негизги багыттарын жана мазмунун аныктоо – учурдагы актуалдуу педагогикалык проблема болуп эсептелет.

Өнүккөн өлкөлөрдүн өрнөгү көрсөткөндөй мамлекетте туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуунун бирден бир жолу келечек муундун социалдык жактан жетилишене кам көрүү болуп эсептелет. Эгерде биз алыскы жана жакынкы келечекте өз өлкөбүздө туруктуулукту сактап калууну жана андан ары өнүгүүнү кааласак, улуу, кеменгер жазуучубуз Ч. Айтматов айткандай “адамды адам кылуу” проблемасына, биринчи кезекте өсүп келе жаткан жаш муунуду өзгөртүү, аларды заман талабына жараша калыптандыруу маселесине барып такалабыз, ал эми бул процесс билим берүүсүз, тарбиясыз ишке ашпайт. Академик Н.Н. Моисеев айткандай жаңы цивилизация жаны экономикадан эмес, жаңы илимий билимден, жаңы билим берүү программларынан башталышы керек... жаңы моралдык принциптер адамдын канына, ички дүйнөсүнө киришине байланыштуу [4]. Мындан өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн кандай билим берүү керек? деген суроо туулат.

XXI кылымда өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылыш үчүн мамлекеттин билим берүү системасын дүйнөлүк тенденцияларды эске алуу менен ишке ашырылы зарыл. Өнүккөн өлкөлөрдө билим берүүгө кеткен чыгым мамлекеттик ички дүң продукциясынын 5-8% чейинкисин түзөт. Мунун өзү билим берүү чоң саясий маселе экендигине байланыштуу. Себеби билим берүү аркылуу мамлекеттин келечеги – адам ресурсу калыптанат жана өлкөнүн негизги өнүгүү стратегиясы түптөлөт.

Кыргызстандын реалдуулугуна кайрыла турган болсок, биздин мамлекетин демографиялык жактан жаш жана өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн катарына кирет. Өлкөбүздүн келечеги жаштарга таандык жана алар мамлекеттин интеллектуалдык ресурстарын түзөт, 7 млн. калктын 1,5 млн. ашыгын билим алып жаткан окуучулар жана аларга билим берип жаткандар эсептелет. Өлкөнүн туруктуу өнүгүү стратегиясы билим берүүгө байланыштуу деген тезистен чыгуу менен жогоруда белгиленгендерди жалпылаштыра турган болсок, постиндустриядык коом шартында өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу билимдин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн байкоого болот:

– өзүн-өзү өстүрүү аркылуу “өмүр бою” жүрө турган динамикалуу жана үзгүлтүксүз билим алууга даяр болуу;

- кесиптик жактан ийкемдүүүк;
- карым-катнаштарда диалогдорго ачыктык;
- билимдин мазмунундагы интегративдүүлүктүн артышы;
- инсандын чыгармачылык, жаратуучулук мүмкүнчүлүктөрү менен эсептешүү жана аларга жол ачуу ж.б.у.с.

Аталган көрсөткүчтөрдү камтыган билим **креативдик модель** деген аталыш менен белгилүү жана анын негизги максаты чыгармачыл, кесипкөй, базар экономикасы шартында эмгек рыногундагы атаандашттыкка даяр, өзүн-өзү тааныта билген инсанды калыптандыруу алдыга чыгат. Мындай инсанды калыптандыруу дүйнөлүк билим мейкиндигене интеграциялашуу, улуттун этнопедагогикалык тажрыйбага таянуу менен кыргыз жараны түшүнүгүн калыптандыруу жана алдыңкы технологияларды, метакөндүмдөрдү, ийкемдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу ишке ашат.

Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнө багытталган билим сөзсүз түрдө этнопедагогикалык парадигмага негизделиш керек. Бул жагынан алганда, биз көп кылымдык тажрыйбабызга жана каада-салттарыбызга негизделген, материалдык баалуулуктардан жогору турган руханий баалуулуктарга, адамдык мамилеге, үй-бүлөгө, маданиятыбызга таянып, жаңы миң жылдыктагы кыргызстандыктын идеологиясын түзүүгө жана өз жолубузду басып өтүүгө тийишпиз. [5].

Билим берүү аркылуу өлкөнүн туркутуу өнүгүүсүн камсыз кылуунун эң орчундуу социалдык багыттардын бири катары элдик педагогиканын парадигмалдык мааниси артат. Себеби, каалайбызбы же жокпу, ааламдашуу барган сайын күч алып бара жаткан тенденция экендигин эч ким тана албайт. Улуу Британиянын Шеффилд университетинин профессору Ричард Дженкинс глобалашууга байланыштуу эмгектеринде глобалдашуу процессинде бири-бирин жокко чыгарбаган, өз ара байланышкан эки тенденциянын бар экендигин белгилейт. Алардын биринчиси – гло-

бализация шартында "...дүйнө бир эле мезгилде тарыйт жана кеңейет, жана алар өз ара-байланышта турат", дейт [6]. Мындай шартта улутту бириктирип, анын туруктуу өнүгүүсүнө түрткү болуучу социалдык жана психологиялык феномен катары ошол улуттун социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турган эне тили, маданиятын чагылдырган каада-салттары, элдин таалим-тарбия тажрыйбасы, оозеки жана жазуу түрүндө сакталып калган жашоо-тиричилик эрежелери, акыл, насаат ырлары, жана башка билим, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жыйындысын камтыган методологиялык жана пайдубалдык милдет аткаруучу бай таалим-тарбия тажрыйбасына таянуубуз зарыл.

Улуу тарых жана атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй "Жер жүзүндө этностон сыртта алган бир да адам жок экени шексиз" [7, 23-б.]. "Ар бир адам "Сен кимсиң? деген суроого ойлонбой туруп, "орусмун", французмун", персмин", масаймын", - деп, же у.с. жооп берет. Демек, өзүнүн кайсы улутка таандык экенин аң-сезимдүү түрдө билүү жалпы адамзаттык көрүнүш десек болот. Орус философу жана этнографы Л.Н. Гумилевдун аныктамасында "Этнос дегенибиз биочөйрө менен социочөйрөнүн чектеринде жаткан жана жердин биочөйрө түзүлүшүндө өтө маанилүү роль ойной турган көрүнүш..."- деп, берилет [7, 226-б.]. Бул өңүттөн алып караганда, этнос түшүнүгү биочөйрөдөн социочөйрөгө (табигый чөйрөдөн маданий чөйрөгө), башкача айтканда, биосферадан ноосферага өтүү чектеринде пайда болгон, тигил же бул этностун экономикалык, саясий, социалдык жана маданий өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турган феномен десек болот. Ошондой социомаданий өзгөчөлүктөрдүн ичине тил, дин өзгөчөлүктөр, жергиликтүү айырмачылыктар, чоң жана майда калктарга мүнөздүү этностук менталитетин түзүп турган улуттук символдор, таалим-тарбия ыкмалары ж.б. кирет. Мындай эмоционалдык көрүнүштөр этностук, улуттук жалпылыкка, дөөлөттөргө, маданий өзгөчөлүктөргө карата сезимдин өрчүшү менен коштолот. Андай сезим улуттун жетишкендиктери менен сыймыктануу жана ошол эле мезгилде жетишпегенктиктери үчүн ардануу сезимдери менен коштолушу мүмкүн [8].

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын биринчи катарында Кыргызстанда жашаган ар бир адамдын кыргыз жараны түшүнүгүн калыптандыруу эсептелет. Бул максатта 2021-2026-жылдарды камтыган Кыргыз Республикасында жашаган бардык жарандарды өзүн Кыргыз жараны деп таануусун өнүктүрүү концепциясы ишке ашырылууда. **Концепциянын максаты:** Кыргыз жараны деп өзүн таанууну Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жана элдин биримдигин бекемдөөчү катары өзүн таануу камтыйт [9]. Концепциянын зарылчылдыгы Кыргызстандын көп улуттуулугу менен байланыштуу болуп, түрдүү маданий, этностук, диний салттарды карманган жарандардын жамааттарын бириктирүү, өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана бакубаттуулугун бекемдөөгө багытталган. Кыргыз жараны – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. Кыргыз жараны өлкөнүн аталышы болгон – "Кыргыз Республикасы" аталышынан келип чыгат жана өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат [9].

Ошону менен катар өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү келечек ээлери болгон жаштардын алып жаткан билим сапатына байланыштуу. Окуучулардын, студенттердин билиминин сапатын камсыз кылуу өнүктүрүүчү билим берүүгө жана аны камсыз кылуучу инновациялык технологияларды колдонуу, кесиптик компетенттүүлүктү, метакөндүмдөрдү, билим берүүнүн ийкемдүү ыкмаларына артыкчылык берүү менен коштолушу зарыл. Технологиялык сабаттуулуктун маанисин 2019-жылдагы бүткүл дүйнөнү каптаган COVID көрсөттү. КР бардык окуучуларды жана окутуучуларды тез аранын ичинде онлайн билим берүүгө өтүүгө мажбур кылды жана анын натыйжаларын бүткүл өлкө көрдү.

Ошол эле мезгилде азыркы иш берүүчүлөр бүгүнкү ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө мүнөздүү мүчүлүштүктөрдүн ичинде социалдык жактан ийкемдүүлүктүн төмөндүгүн б.а. өзүн таанытуусу, билгенин көрсөтө билүүсү, башка адамдар менен карым-катнашка бара билүүсү, алган билимин ийкемдүү колдоно билүү, убакытты туура пайдалана билүү (тайм менеджмент) ж.б.у.с. көндүмдөрдүн жетишсиздигин белгилеп келишет. Андыктан, эмгек рыногундагы атаандашдыкка турушутук берүү үчүн социалдык ийкемдүүлүктү камсыз кылуучу ийкемдүү технологиялар жана жумшак көндүмдөрдү (soft skills) калыптандыруу маселеси актуалдашууда жана алардын натыйжасы катары 4К комптенттүүлүктү: коммуникативдүүлүк, кооперция же командада иштей билүү, креативдүүлүк (жаратуучулукту), критикалык ойломду калыптандыруу керек экендигин көрөстүүдө.

Ошентип, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу анын адам ресурстарын, келечек жарандарын түзүп турган жаштарга сапаттуу билим берүүгө жана аларды социалдык жактан калыптандырууда дүйнөлүк билим берүү тенденцияларын эске алуу, этнопедагогикалык баалуулуктарга таянуу арылуу кыргыз жараны түшүнүгүн калыптандырдырууга байланыштуу. Белгиленген максатты ишке ашыруу инсанды өнүктүрүүчү билим менен камсыз кылуучу инновациялык технологияларды, билим берүүнүн ийкемдүү ыкмаларын колдонууну талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Колин К.К. Глобальные угрозы развитию цивилизации в XXI веке // Стратегические приоритеты. 2014. № 1. С. 6-30.
2. https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A3%D1%81%D1%82%D0%BE (дата просмотра: 05.04.2023.)
3. Women and Children from Kyrgyzstan Affected by Migration - An Exacerbated Vulnerability, FIDH, Paris, Сентябрь 2016.
4. Моисеев Н. Судьба цивилизации. Путь Разума. – М.: Изд-во МНЭПУ, 1998. – 228 с. // https://buran-sas.ru/sudba-tsivilizatsii-put-razuma
5. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. //https://mfa.gov.kg/uploads/content/-1036/cc1aaa7e-1e5d-3a35-bd69-9d52e9c1ba70.pdf
6. Ричард Дженкинс. Глобализация и идентичность: теоретический обзор. - Текст подготовлен в рамках проекта HESP «Regional Seminar for Excellence in Teaching “Social identities in transforming societies”» Пер. с англ. О.А. Оберемко. Человек. Сообщество. Управление. – 2007. №4.
7. Гумилев Л.Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. (Которгон Т. Мүлкүбатов) - Б.: Ариал-Принт, 1999.- 596 б.
8. Асипова Н.А. Проблемы формирования этнического самосознания молодежи в современных условиях.- В кн.: Окуучу жаштарды тарбиялоо жана билим берүүнү актуалдуу маселелери.-тандалма макалалар. – Б.: КТМУ, 2015. - С.199-207.
9. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн Концепциясы. - Б., ноябрь 2020ж. (Дата просмотра: 05.04.2023).